Келин келди

Кудай берип ынтымакты, ырысты,

Келин келди, үйгө толуп ырыскы.

Кайнатага, кайненеге жүгүнүп,

Салам салып жүрөктөрдү жылытты.

Кайырма: Келин келди аппак жоолук салынып,

Периштедей бетинен нур агылып.

Күлкүсүнөн шыңгыраган булактай,

Наристенин үнү турат жаңырып.

Тилегиңер оорундалып батыраак,

Балалуу үй базар болсун бапырап.

Коломтоңор оту такыр өчпөсүн,

Учкундары жылдыздардай чачырап.

Кайырма:

Ак ниеттен ак баталар айтылып,

Ыроолосун үйүңөрдү барчылык.

Өмүрүңөр түгөл болуп жашоодо,

Келин менен кошо келсин жакшылык.

Кайырма